**Ж. Баласагын атындагы КУУнун Физика жана электроника факультетинин** жогорку квалификациялуу адистерди: физик-изилдөөчүлөрдү, физик-окутуучуларды даярдоонун бир кылымга жакын тажрыйбасы бар. Кыргызстанда физикалык жана техникалык илимдердин түптөлүшү Физика жана электроника факультети менен тыкыз байланышкан.

Биздин бүтүрүүчүлөр - академиктер жана депутаттардан, министрлер жана ректолордон баштап, орто жана жогорку окуу жайлардын мугалимдери жана өндүрүштөгү инженерлерге чейин биздин өлкөнүн өнүгүүсү үчүн кызмат кылышат.

Факультетте окутуу *бюджеттик жана контракттык негизде төмөнкү* багыттар боюнча *жүргүзүлөт:*

**Багыты 510400 «Физика»**
(бакалавриат – 4 жыл, магистратура – 2жыл)

Физика багытында «теориялык физика» боюнча бакалаврларды жана магистрлерди даярдайт. Даярдык теориялык жана жалпы физика кафедрасында жүргүзүлөт. Негизги предметтер: учурдагы физика - космология жана төмөнкү температурадагы плазма физикасы, заманбап



компьютердик технологияларды колдонуу менен татаал физикалык маселелерди чыгаруунун ыкмалары өтүлөт. Кафедранын бүтүрүүчүлөрү өлкөбүздүн КР Улуттук банкы, КР Улуттук илимдер академиясы, Кыргызстандагы жана чет өлкөлөрдөгү ЖОЖдордо, орто окуу жайларында, мамлекеттик мекемелеринде ж.б.у.с. тармактарында ийгиликтүү эмгектенишүүдө; кафедрада ошондой эле **«компьютердик физика»** профили боюнча бакалаврлар даярдалат: Бул профилдин айырмалоочу белгилери - компьютердик технологияларды жана ыкмаларды күчөтүп окутуу жана информациондук технологиялар тармакта жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо.

Физика багытында **Орто жана жогорку окуу жайларында физиканы окутуу** боюнча билим берилет: физиканы окутуунун мазмунун жана технологиясын өркүндөтүү боюнча илимий изилдөөлөр, жогорку компетенттүү физика мугалимдерин даярдоо, иштеп жаткан мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу, алдыңкы тажрыйбаларды топтоо, жалпылоо жана аларды таратуу иштери жүргүзүлөт.

Бул профиль боюнча иштер Физиканы окутуу технологиясы жана табият таануу кафедрасында жүргүзүлөт. Кафедраны КР Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Мамбетакунов Э. жетектейт.

**Багыты 550200 "Физика-математикалык билим берүү" , физика профили боюнча** (бакалавриат- 4 жыл). Бул багыт боюнча физик мугалимлер даярдалат. Азыркы учурда, Кыргызстанда, орто мектептер, орто кесиптик окуу жайлар, коледждер үчүн физик мугалимдер жетишпегендиги курч маселе болуп келе жатат. Өзгөчө бул Бишкек шарынын жана Чүй областынын орус тилдүү мектептерине тиешелүү.

**Багыты 690100 "Электроника жана наноэлектроника"** (бакалавриат- 4 жыл, магистратура – 2 жыл)

Санариптик жана нанотехнологиялардын өнүгүү доорунда, адамдын ар бир ишмердүүлүгүн ар түрдүү электрондук приборлор жана түзүлүштөр курчап турганда, «Электроника жана наноэлектроника» багыты боюнча адистерди даярдоо Кыргызстан үчүн бүгүнкү күндүн муктаждыгы. **Электроника жана наноэлектроника кафедрасында** 20 жылдан ашык убакыттан бери «Электроника жана наноэлектроника» багыты боюнча адистер даярдалып келүүдө.

***Электронщик эмне иш кылат?***

Электрондук аппаратураларды, приборлор жана түзүлүштөрдү, компьютерлерди, компьютердик тармактарды ондоо, жөндөө, көзөмөлдөө, монтаждоо, IT–технологиялар, робототехника, акылдуу үй, акылдуу шаар ж.б.у.с. тармактарда иштешет.



***Электронщик кайда иштейт?***

*Өндүрүштүк ишканаларда, мамлекеттик мекемелердин техникалык бөлүмдөрүндө (ИИМ, УКМК, энергетика, тоо-кен комбинаттарында, илимий борборлордо ж.б.), IT-борборлордо, компьютердик борборлордо…б.а. аппаратура бар баардык жерде…*

**Багыты 690300 "Инфокоммуникациялык технологиялар жана байланыш системалар"** (бакалавриат- 4 жыл).

Инфокоммуникациялык технологиялар жана байланыш системалар багытын бүтүргөн адистер *уюлдук байланыш компанияларда,*



*интернет провайдерлер, компьютердик системалар тармагында, телекоммуникация корпорацияларда, тармактарды өнүктүрүү боюнча техникалык борборлордо, радиоэлектрондук өнөр жай ишканаларында, күч түзүмдөрүнүн техникалык бөлүмдөрүндө, ошондой эле мамлекеттик көзөмөл түзүмдөрүндө иштешет*. Көбүнчө мындай адистер уюлдук байланыш системаларын өнүктүрүү жана тейлөө, телекоммуникация тармагындагы программалык камсыздоону иштеп чыгуу, учурдагы жергиликтүү жана глобалдык байланыш системаларынын техникалык коштоосу менен алектенишет.

***Багыты 700800 «Техникалык физика»***
(бакалавриат- 4жыл, магистратура – 2 жыл)

**Медициналык физика профили боюнча эмнелер окулат**: Радиациялык физика, Физикалык жана компьютердик диагностика, Томографиянын физикалык негиздери жана башкалар.

***Медициналык физиктин иштөө орду***: *дарылоо-диагностикалоо мекемелеринде, клиникаларда, госпиталдарда жана башка татаал диагностикалык терапиялык жана хирургиялык жабдуулары, комплекстери бар мекемелерде...*



**Криминалисттик экспертиза профили:**

***Физик- эксперттер окуй турган профилдик дисциплиналар:*** Соттук-эксперттик изилдөөлөрдүн табигый илимий методдору; Эксперттик ишмердүүлүктөгү компьютердик технологиялар; Эксперттин процессуалдык иштерге катышуусу; Соттук-медэкспертизанын негиздери; Криминалистиканын негиздери; Трасология жана трасологиялык экспертиза; Материловедение (материал таануу); Компьютердик тармактар жана берилиштердин базасы; Материалдарды анализдөөнүн спектроскопиялык методдору ж.б.у.с.

**Физик-эксперттин иш орду:** ИИМдин, соттук–эксперттик мекемелер, эксперттик-криминалистикалык бөлүмдөру, ошондой эле материалдын сапаты боюнча адистер.

***Эксперименталдык багыт «Санарип техника жана технологиялар»,*** (бакалавриат- 4жыл)

Бул багытта, санарип технологиялар областындагы адистер даярдалат. Алар санарип системаларынын базалык уюштурушун жана программалык камсыздоосун бирдей алып кетип иштей алышат.



Санариптештирүү доорунда, санарип системаларынын базалык билимдерин программалоо жөндөмдөрү менен айкалыштырган адистер зарыл болот!

*Студентер жатакана менен камсыз кылынат (окуу имаратынын жанында).*

*Контрактык бөлүмдүн төлөө акысы 48 000 сом.*

*Тел:0312 34 02 36, 0555 49 19 19,*
*0777 77 70 72 fakelsamat@mail.ru*
*0776 30 10 83*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**






## *Кымбаттуу бүтүрүүчүлөр физика жана электроника факультетине кош келиңиздер!!!*

**БИШКЕК-2026**